# «Балдардын» жумушу




Автор: Жибек Абдыраманова

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Которгон: Талгат Деркембаев

# «Балдардын» жумушу

Автор: Жибек Абдыраманова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

""Балдардын" жумушу" (кыргыз тилинде), автор Жибек Абдыраманова, сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров, которгон Талгат Деркембаев

*«Мальчишеские» дела*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Айжан комоддун жанында төрт сааттан бери жүрөт. Ага сүрүлгөн жыгачтын жыты жана сүргүдөн ыргып чыгып жаткан тармалданган  сүрүндүлөрү жагат.

Кыз эки айдан бери тыйындарын үнөмдөп чогултуп, апасына белек алып берейин деген.

Өткөн дем алыш күнү Айжан атасы экөө базарга барышкан. Бир маалда Айжан эски эмеректердин жанынан суурмалуу комодду көрүп калды.

Анын бою кыз менен тең экен. Боёктору ар кайсы жеринен жарылып, эшиги начар жабылып калыптыр.

Кыз бул эмеректи өз колу менен оңдоп, апасына белек кылайын деп чечти. Ал акчасын чоң кишидей болуп санап, сатуучуга берди. Атасы эмеректи унаасына жүктөдү.

Айжан бул буюмду гараждан оңдоюн деп атасынан уруксат сурады. Атасы ага аспаптарын берип, аларды туура колдонгонду үйрөттү.

Кызына кеңешин айтып, керектүү нерселерин улам сатып берип турду.

Мына бир жумадан бери Айжан сабактардан кийин комодду оңдоп жатат.

Бүгүн да тегерегине ишке керектүү шаймандарын: бурагыч, бурама, мык, гайка, сүргү, боёк жана кисточкаларын даярдап коюп алды. Ал ишке баш-оту менен киришип, убакыттын эсебин да унутуп койду.






– Айжан, сен дагы эле “балдардын жумушу” менен алексиңби? – деп маңдайкы гараждын чатырынан Гриша кыйкырды.

Гриша жана ага окшогон балдар гараждардын чатырларына чуркап ойношчу. Гриша балдардын арасында эң тентеги, шогу,  жоруктардын уюштургучу эле.

– Жалгыз эле “балдардын” жумушу бекен, – деп Айжан жылмайып ишин уланта берди.

– Кыздар куурчак ойночу эле. Деги сен өзүң бир кызыктай эле кызсың – деп Гриша кыйкырып, балдарды ээрчитип чуркап кетти.

Айжан шашпай ишин бүтүрүп, тегерегин тазалады. Бир маалда, ал Гришанын сөздөрүн эстеп, ойлонуп калды.

– Балким, мен чын эле башкачамын?



– Ата, мен “балдар” жасай турган жумушту кылганым кызык эмеспи? Сиз кандай деп ойлойсуз? – деп үйгө келгенде атасынан сурады.

– “Балдардын жумуш” дегениң эмне?

– Эми, эмерек оңдогонумду айтам да. Гриша кыздар кыла турган иш эмес деп жатпайбы, – деди Айжан.

– Кызым, атайын кыздар же балдар кыла турган иш болбойт. Сен өзүңө жаккан нерсени жасай берсең болот.



Мына көптөн бери күткөн апасынын туулган күнү да келди. Алар короого чоң дасторкон жайышты. Апасын куттуктаганы туугандары жана теңтуштары келишти. Чоңдор тамашалашып, сүйлөшүп отурушту. Балдар болсо кубалашмай жана жашынмак ойноп жүрүштү.

Туулган күн ортолоп калган кезде, Айжан атасы экөө арабага салып апасына арнаган белекти алып келишти.

Баягы комод укмуштай апапакай болуп, сонун көрүндү. Капталдарына кооз, көк иристер тартылган.

Эмеректин бардык эшиктери оңой эле ачылып-жабылып жатты.

Апасына жана келген бардык конокторго анын белеги аябай жакты. Айжандын колдору “алтын” экен деп жатышты.

Кыз апасына белек жакканына кубанып жүрдү.

– Айжан, мага  эмерек жасаганды үйрөтчү. Мен да апама жакшы белек бергим келип жатат, – деди кийинки күнү Гриша Айжанга келип.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Жибек Абдыраманова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли